Норинт, М.: РИПОЛ классик, 2008. – 960 с.
2. Философский энциклопедический словарь / Редкол.: С. С. Аверинцев, Э. А. Араб-Оглы, Л. Ф. Ильичев и др. – 2-е изд. – М.: Сов. энциклопедия, 1989. – 815 с.
3. Глобалистика. Международный энциклопедический словарь. – М.– СПб.– Нью-Йорк: «ЕЛИМА», «Питер», 2006. – 1100 с.
4. Чумаков, А.Н. Глобализация. Контуры целостного мира: монография [Текст] / А.Н. Чумаков. – 3-е изд., перераб. и доп. – М.: Проспект, 2016. 448 с.
5. Печчеи, А. Человеческие качества [Текст] / А. Печчеи. – М.: Прогресс, 1985. – 312 с.

**Рецезент: д.филос.н., в.н.с. Карабукаев К.Ш.**

УДК 101.1:172.1(575.2)(04)
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-118-122

**Тагайбекова Алина Абдыжалиловна**
КР УИАнын академик А. А. Алтымышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун Социалдык философия, эстетика жана этика бөлүмүнүн илимий кызматкери
**Тагайбекова Алина Абдыжалиловна**
научный сотрудник отдела Социальной философии, эстетики и этики Института философии, права и социально-политических исследований им. академика А. А. Алтмышбаева НАН КР
**Tagaibekova Alina Abdyzhalilovna**
scientific employee at the department of Social philosophy, aesthetics and ethics Institute of philosophy, law and socio-political researches named after academician A. A. Altymyshbaev in NAS of the KR
**e - mail:** angel_lina.94@mail.ru

# КЫРГЫЗ КААДА-САЛТТАРЫНДАГЫ ЖАЛПЫ ЭТИКАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨР
# ОБЩИЕ ЭТИЧЕСКИЕ ПОНЯТИЯ В КЫРГЫЗСКОЙ ТРАДИЦИИ
# GENERAL ETHICAL CONCEPTS IN THE KYRGYZ TRADITION

**Аннотация:** Коомдук жана этикалык нормалардын формалары иретинде каада-салт, үрп-адат бүгүнкү трансформацияланып жаткан коомдо актуалдуу мааниге ээ. Себеби, салт мурасты сактоонун формасы. Ошондуктан, бул макалада унуткарылып бараткан элдик мурастарды жандандыруу жана өткөндүн мурастарын өздөштүрүү маселелери алдыңкы орунга коюлду.

**Ачкыч сөздөр:** каада-салт, үрп-адат, бата, этикалык түшүнүктөр, моралдык нормалар, макал-лакаптар.

**Аннотация:** Традиции и обычаи как формы социальных и этических норм актуальны в современном трансформирующемся обществе. Потому что это форма сохранения традиционного наследия. Поэтому в этой статье приоритетными являются вопросы возрождения забытого национального наследия и освоения наследия прошлого.

**Ключевые слова:** традиция, обычай, благословение, этическая понятии, моральные нормы, поговорки.

**Annotation:** Traditions and customs as forms of social and ethical norms are relevant in a modern transforming society. Because it is a form of preserving traditional heritage.Therefore, the priority issues in this article are the revival of a forgotten national heritage and the development of the heritage of the past.

**Keywords:** tradition, custom, blessing, ethical concepts, moral standards, sayings.

Кыргыз элинин турмуштук каада-салт, үрп-адаттары миңдеген жылдарды ичине камтып, байыркы ата-бабалардын рухий дөөлөттөрү улам кийинки муундарга өткөрүлүп, коомдук-тарыхый мезгилдерге байланыштуу айрымдары унутулуп, айрымдары алымча-кошумчалары менен такталып, толукталып ушул күнгө чейин келип жетти. Ал эми заманбап коомдо өз ордубузду табууду, аңдоо үчүн  бул элдик каада-салттардын, үрп-адаттардын, ал тургай элдик оозеки чыгармачылыктын мааниси чоң. Себеби, элибиздин аң-сезиминин түпкүрүндө орун алган, жашоо турмушубузда белгилүү мыйзам, норма катары кабыл алынган элдик каада-салттардын, үрп-адаттардын жана элдик оозеки чыгармачылыктын  таалим-тарбиялык, философиялык мааниси терең. Мындан улам бул илимий иште өткөндү анализдөө менен бүгүнкү күнүбүздү аңдоо маселеси коюлду.

Каада-салтты маани, маңызы жактан карай турган болсок түшүндүрмө сөздүктөрдүн көбүндө бир муундан экинчи муунга уламыш, оозеки же жазуу аркылуу өткөн идеялар жана көз караштар катары каралат жана адамдардын иш-аракеттеринин өбөлгөлөрү тынымсыз кайталанып, каада-салтка айланат - деп мүнөздөлөт. Ал эми этика боюнча сөздүктө каада - бул белгилүү бир кырдаалдарда кайталанып туруучу аракеттердин коомдо же кандайдыр бир коллективде тарыхый түзүлгөн жана таралган форма [1] катары түшүндүрүлөт. Жалпысынан алганда каада-салт өткөн доорлордон мурасталган көрүнүштөрдүн жыйындысы жана коомдун пайда болушу менен бирге күнүмдүк турмуш-тиричиликтин талаптарына жооп катары келип чыгат. Ал жүрүм-турумдун жалпы эрежелерин, руханий сапаттарын өзүнө камтып, муундан-муунга өтүп туруучу социалдык тажрыйба.

Каада-салттар системасынын пайда болушунун негизи болуп адамдардын керектөөлөрү жана кызыкчылыктары эсептелет. Алар коомдук талаптын натыйжасында, элдик пикирдин колдоосу астында калыптанат. Ошондой эле, расмий түрдө калыптанган, белгилүү саясий жана социалдык институттар тарабынан иштелип чыккан мыйзамдар, токтомдор, буйруктар, программалар сыяктуу документтер менен катар расмий түрдө катталбаган нормаларга каада-салт, үрп-адат жана этикалык нормалар кирет.

Кыргыз коомчулугунда этикалык нормаларды ишке ашырууда каада-салттардын, үрп-адаттардын орду маанилүү. Каада-салт, үрп-адат кыргыз элинин иш-аракеттеринин туруктуу формасы десек да болот. Байыркы бабалардын турмуш тажрыйбасынан  жаралган каада-салттар, үрп-адаттар эчен муундардын акыл-элегинен өтүп, улам жаңы турмуштук жагдайларга ылайык байып, өнүгүп олтуруп, өрнөктүү жашоонун мыйзамына, таасын эрежесине айланган. Каада-салттын, үрп-адаттын аркасы менен моралдык көз караштар, нормалар жана этикалык түшүнүктөр социалдык мүнөзгө ээ болушат. Каада-салттар коомдо ордун таап, элдин колдоосуна ээ болгон соң, күнүмдүк жашоонун нормасына айланат. Бул нормалар көбүнчө адамдын жүрүм турумунан, башка адамдарга болгон мамилесинен байкасак болот. Ал эми илимде мындай нормаларды этика деп аташат.

Өткөн доордогу жана күнүбүздөгү жалпы этикалык түшүнүктөр, нормалар сакталган негизги булак катары элдин оозеки, көркөм өнөрчүлүгүн көрсөтсөк болот. Мисалы, кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы том-томдогон эпостордон баштап, 2-3 саптан көп эмес сүйлөмдөн туюнтулган макал-лакап, учкул сөздөрдөндөн туюнтулат. Кыргыз элинин байыркы доордогу этикалык дүйнөтаануусу жөнүндө сөз кыларда биринчилерден болуп наасат ырларын, учкул сөздөрдү, макал-лакаптарды карап чыгуубуз абзел.

Макал-лакаптарда элдин маданий, тарыхый тажрыйбалары, анын өнүгүү өзгөчөлүктөрү, каада жана ишенимдери, курчап турган дүйнө жана башка кубулуштары чагылдырылат. Ошондой эле, түз жана каймана маанини туюнтуп, бүткөн формага ээ [2, 77-б.]. Мындан сырткары макал-лакаптар кыргыздын жазылбаган мыйзамы, тарбия берүүчү жана адам баласына өз милдеттерин үйрөтүүчү касиетти бар. Мисалы, каада –салтка байланышкан "Аш көп болсо, каада көп", "Аза арыбайт, каада карыбайт, алтын чирибейт" деген сыяктуу көп деген макал-лакаптарды айтсак болот.

Ошондой эле "Карынын кебин капка сал" деп байыртадан аксакал карыны эл журт урматтап сыйлашкан. "Сен сыйласаң карыңды, кудай сыйлайт баарыңды" демекчи, каадалуу-нускалуу жолду билген намыстуу, касиеттүү карыялар башынан салт туткан элдин туткасы, кеңешчиси болуп келген. Кантсе дагы "кары билет кааданы, карчыга билет сонону" деп, кыргыз эли байыртадан каадачыл калк болуп эсептелет. Ошондон "каадалуу адам-кагылган чеге" деген сөз чыкса керек. Нарк, салт жолу улуу болгон жерде сый, жүйөө өзүнөн өзү болгон [3]. Күнүбүздөгүдөй "жаш муундарды кантип тарбиялоо керек" деген маселе болгон эмес. Улуу муунду көрүп кийинки муун өскөн жана ошолорду карап тарбия алышкан. Ал заманда эң баалуу кубулуш катары элдин баары урматтап, сыйлаган ак сакалдардан "бата алуу" болуп эсептелген. Себеби, бата алуу элибизде манилүү орун алган. "Узунсуз кыска болбойт, улуусуз нуска болбойт" дегендей эң урматуу сөздү дайым жолду, наркты, салтты бийик туткан каарыларга ыйгарышкан. Мисалы, наристени ак бешикке салаарда барктуу, нарктуу байбичелердин:

"Жараткан өзүң жалга,
Жакшылыгыңдан жанба.
Ыйман берип, ылдыйда жөлө,
Ымыркайынан ырыска бөлө.
Кесепеттүүнүн сөзүнөн сакта,
Кескинин көзүнөн сакта,
Кара жердин төшүнөн сакта,
Касиетсиздин өзүнөн сакта.
Арчадай узак жаш бер,
Колунан көөрү төгүлсүн.
Апасынын сүтүн актасын,
Абийири-чеби болсун,
Айтканы элге эп болсун" [2] – деп берген ак батасы баланы ымыркай кезинде эле жакшы жүрүм-турумга үйрөткөн. "Бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт" – деп байыркы бабалар батага чоң маани берип, адептик жагынан бийик койгон. Касиеттүү карынын батасы балага чоң жоопкерчилик артырган.

Ошондой эле "Каалыңсыз кыз болсо да, каадасыз болбойт" деген сыңары кызды узатууда кошок айтылып, кошоко менен кызга өзүнүн келиндик жоопкерчилигин, милдетин үйрөтүшкөн. Мисалы, төмөндө көрсөтүлгөн саптарды карайтурган болсок:

“Байпар бир маасы кийип жүр,
Байбичелик сүрүп жүр.
Кепич бир маасы кийип жүр,
Келинчелик сүрүп жүр.
Сай жагалай от жакса,
Жалп этирбей өчүргүн.
Жаман-жакшы кеп өтсө,
О кыз жан, күлкү менен кечиргин” [3, 9-10-б.] – дээшип кыздын жеңелери кызга өз милдетин кошок аркылуу жеткиришкен. Себеби, кызга болгон сый илгертеден эле элибизде калыптанган. Ушул себептен, кыздын жеңелери катуу, ачык айтпастан кошок менен кошуп, жымсалдап жакшы менен жаман үйрөтүшкөн. Бул жерде бир гана узатылып жаткан кызга таалим болбостон, анын жанында отурган кыздардын баарынын кулагына сиңип, аларгада жаш кезинен баштап өзүнүн милдеттери үйрөтүлүп баштаган.

“Ак учук бердим, саптап ал,
Кудагый, ак шумкар бердим, таптап ал.
Көк учук бердим, саптап ал,
Кудагый, көк шумкар бердим таптап ал” - деп кызды барар жерине табыштап, андан кийин кете турган кызга өз акыл-насаатарын айтып, бара турган жеринен калтырган эмес [3, 9-10-б.].

Салттар менен үрп-адаттар бир аймакта жашаган кичине топтун жүрүм-турумун калыптандырбастан улуттун, коомдун турмуш образын калыптоого түрткү берет. Ар кандай таалим-тарбия формаларынын кубаттуу фактору болуп эсептелет. Ошондой эле, каада-салттардагы этикалык түшүнүктөрдүн негизги функциясы болуп адамдардын ортосундагы мамилелердеги стабилдүүлүктү, тартипти сактоо болуп эсептелет.

Жалпысынан алсак, каада-салт, үрп адат же ырым-жырымдар болсун, бул кыргыз элинин өздүгүн билдирип, өзгөчөлөнтүп турган дүйнө таанып билүүнүн ыкмасы. Ошондой эле этикалык нормаларды үйрөтүүчү каражат катары каралат. Ошон үчүн кыргыздын оозеки чыгармачылыгын эскинин калдыгы катары карабай, аларды дагы да тереңирээк изилдөө менен замандын талабына жараша ылайыкташтырып колдонуулусу тийиш. Себеби, салт биринчи иретте мурасты сактоонун түрү. Ансыз кыргыз элинин өзгөчөлүгү, өздүгү жоголот, өчөт.

Жыйынтыктап айтканда ар бир элдин маданияты өткөн замандардагы салттардын негизинде өнүгөт, өсөт эмесби. Жаңы салттар мурунку мурастардын элементтеринен жана башка маданияттар менен тыкыс байланышкандыгынын натыйжасынан улам келип чыгат жана өнүгөт, өзүнө керектүүсүн сиңирет. Коом өнүккөн сайын каада-салттардын ролу күчөп, алардын коомго таасир берүү жагы кеңейет. Эл коомдук турмушка активдүү катышкан сайын, салттар ошол коомдо катуу кармала баштайт. Ал эми каада-салттардын өздөштүрүү элдин өз өнүгүү жолун таап, ошондой эле коомдо тартипти орнотот. Мындан улам күнүбүздө коомубузду бир тартипке алып келүү үчүн өткөндүн мурастарын өздөштүрүп, унуткарылып бара жаткан каада-салт, үрп-адаттарыбызды жандандыруу зарыл. Себеби, жогоруда айткандай каада-салт, үрп адаттар бекем кармалган жерде этикалык эрежелер, нормаларда өкүм сүрөт.

**Колдонулган эмгектер:**

1. Этика боюнча сөздүк. “Кыргызстан”, 1983, 117-б.
2. Преемственность народной мудрости в современной кыргызской философии: (Сб.науч.докл.и.ст.) / НАН КР; Ин-т филос. и права. – Б.: 2006. – 332с.

3. Сыдыкова Кален. Эр издөө: Аңгемелер. Көркөм публицистика. – Б.: «Бийиктик», 2002. – 127 б. http://literatura.kg/articles/?aid=388 Сайтта жайгаштыруу күнү: 2009-жылдын 8 апрели
4. Каада-салттар. Ак баталар / А. Акматалиевдин жалпы ред. астында; Баш сөзүн жазгандар Н. Ыйсаева, М. Өмүрбай уулу; Түзгөндөр: А. Акматалиев, К. Кырбашев, М. Өмүрбай уулу, Ө. Шаршеналиев. Кырг. Улут. И. А. ж.б. — Б.: «Шам», 2003. — 400 б. — («Эл адабияты»).
5. Усупова Ч. С. ИСТОЧНИК СОХРАНЕНИЯ НРАВСТВЕННО-ЭТИЧЕСКИХ НОРМ //Научная дискуссия: вопросы социологии, политологии, философии, истории. – 2016. – №. 1. – С. 51-56.

**Рецензент: филос.и.д., профессор Стамова Р.Д.**

УДК: 02
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-122-126

**Теишова Мадина Нурлановна**
Бишкек мамлекеттик университетинин окутуучусу
**Теишова Мадина Нурлановна**
преподаватель Бишкекского государственного университета
**Teishova Madina Nurlanovna**
Lecturer at Bishkek State University
**e - mail:** dinanay89@mail.ru

# КООМДУК ИНСТИТУТ КАТАРЫ ЗАМАНБАП КИТЕПКАНАЛАРДЫН ӨЗГӨРҮҮСҮ
# ТРАНСФОРМАЦИЯ СОВРЕМЕННЫХ БИБЛИОТЕК КАК СОЦИАЛЬНЫХ ИНСТИТУТОВ
# TRANSFORMATION OF MODERN LIBRARIES AS SOCIAL INSTITUTIONS

**Аннотация:** Макалада заманбап китепканаларда болуп жаткан жаңы багыттарга байкоо жургүзүлөт. Заманга ылайык китепканалардын коомдук институт катары өзгөргөн ролу корсөтүлөт.

**Ачкыч сөздөр:** заманбап китепкана, коомдук институт, трансформация, глобалдашуу, маданият, маалымат технологиялары.

**Аннотация:** В статье прослеживаются происходящие тенденции в деятельности современных библиотек. Рассматривается изменившаяся роль библиотек, как социальных институтов в современных условиях.

**Ключевые слова:** современная библиотека, социальный институт, трансформация, глобализация, культура, информационные технологии

**Annotation:** The article traces the current trends in the activities of modern libraries. The changing role of libraries as social institutions in modern conditions is considered.

**Keywords:** modern library, social institution, transformation, globalization, the culture, information technology.